***Сабырова К. Ж.*** *- Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын философия жана саясий-укуктук изилдөө институтунун укук бөлумунун докторанты*
**УДК 342.346.2**

# ЖОЛ КЫЙМЫЛЫН УЮШТУРУУ ЖАНА ЖОЛ КЫЙМЫЛЫНЫН ЭРЕЖЕЛЕРИН БУЗУУ МАСЕЛЕЛЕРИ (МИСАЛЫ БИШКЕК ШААРЫ БОЮНЧА)

***Аннотация:*** *Макалада автор тарабынан жол кыймылынын коопсуздугун камсыз кылуудагы көйгөйлөр изилденген (Бишкек шаарынын мисалында). Административдик укук бузуулар жана айып алуу боюнча статистикалык малыматтарга таянып анализ жургузулгөн жана жол коопсуздугу чөйрөсундөгу маселелерди чечуугө сунуштар берилген.*

***Аннотация:*** *В статье автором изучены проблемы обеспечения безопасности дорожного движения (на примере г. Бишкек). На основе статистических данных об административных правонарушениях и взимаемых штрафов, проведен анализ и предложены рекомендации для решения проблем в сфере дорожной безопасности.*

***Annotation:*** *In this paper the author studied the problem of road safety (for example, Bishkek). On the basis of statistical data on administrative violations and leviedfines, analyzed and made recommendations to address the challenges in the field of road safety.*

***Негизги сөздөр:*** *Жол кыймылынын эрежелери, жол кырсыгы, администрациялык укук бузуулары.*
***Ключевые слова:*** *Правила дорожного движения, дорожные происшествия, административные правонарушения.*
***Keywords:*** *Rules of the road, traffic accidents, administrative offenses.*

Кыргызстанда жол кыймылынын эрежелерин 70 пайызын айдоочулар бузушат. Азыркы убакытта республикабызда автоунаалардын саны аябай көбөйуп, айдоочулар жол кыймылынын эрежелерин сактабагандыктан жана тоготбостуктан адамдын жаны кыйылган жол кырсыгы кобойгондугун баса белгиледи Жогорку Кенештин депутаты К. Иманалиев парламенттик чогулушууда.

Мындан сырткары, К.Иманалиев олкобуздун жолдорунда жол кыймылын уюштуруу жана айдоочулардын айдоо маданияты өтө төмөн денгээлде экендигин айтты. Натыйжасында жол коопсуздугун камсыз кылуу абдан кыйын болуп калгандыгын жана биздин кичинекей мамлекет учун жол

кырсыгынан каза болгондордун саны көп болуп жаткандыгын айтып, жол кырсыгын азайтуу максатында жолдо жургондордун баардыгы жол кыймылынын эрежелерин так сактоосу жана жол эрежелерин бузгандарга айыптын өлчөмун көбөйтууну сунуштады. [1].

Жол коопсуздугун камсыз кылуу жана жол-транспорттогу тартипти жакшыртуу максатында өзгөчө көңулду жол кыймылынын эрежелерин бузгандарды аныктоого жана бөгөт коюуга бурулган.

Бишкек шаарынын ички иштер башкармалыгынын жол коопсуздугу кызматынын маалыматы боюнча, 2013-жылдын 12 айында жол кыймылын көзөмөлдөө башкармачылыгынын кызматкерлери тарабынан Бишкек шаары боюнча жалпысынан 201544 жол кыймылынын эрежелерин бузган фактылар аныкталган. 2012-жылга салыштырмалуу 16542 эреже бузууга, же болбосо 7,6% ге аз аныкталган.

Жогорудагы көрсөтулгөн 201544 жол кыймылынын эрежелерин бузган фактыларынын 187688и боюнча айдоочуларга административдик чаралар колдонулуп, жалпысынан 47777100 сом айып салынган.

Ал эми Бишкек шаарынын райондук сотторуна 8003 администрациялык материалдар жиберилип, 2462 материал боюнча айдоочулар адми-нистрациялык укук бузуулары учун айдоочулук кубөлуктөрунөн ажыратылышып, 3642си боюнча айдоочуларга 5410000 сомдук айыптар салынган. 2013-жылдын жылдын аягында 1899 администрациялык материал соттун кароосунда калган.

2013-жылдын 12 айында республикалык бюджетке жалпысынан 53187100 сом тушуп, 2012-жылга караганда 5131460 сомго коп болгон [2].

Бул таблицада биринчи графада 1998-жылдын 4-августу Администрациялык жоопкерчилик жөнундө кодексинин кыймыл коопсуздугунун жана транспорт каражаттары эксплуатациялоонун эрежелерине шек келтирген администрациялык укук бузуулар корсотулгон [3].

| Берене | Көрсөткучтөр | 2012-ж. | 2013-ж. | % |
|---|---|---|---|---|
| | Жалпы эреже бузуулардын саны | 218086 | 201544 | -7,6% |
| | Айдоочулар жол эреженин бузгандыгынын туру боюнча: | 211776 | 201414 | -4,9% |
| | анын ичинде автобус жана микроавтобустар менен | 1685 | 4532 | +168,9% |
| | Жеке айдоочулар менен | 211712 | 200714 | -52% |
| | Юридикалык жактын айдоочулары менен | 64 | 775 | +1110,9% |
| | Башка өлкөнун айдоочулары менен | 122 | 13 | 89,3% |
| 224-бер. 1-бөл | Айдоочунун белгиленген тартипте катталбаган транспорт каражатын айдоосу | 107 | 204 | +90,7% |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| 224-бер. 3-бөл | Айдоочунун мамлекеттик каттоо номерлик белгиси жок, стандарттуу эмес, окулбаган же башка буюмдар менен атайылап жашырылган транспорттук каражатты айдоосу | 1015 | 1370 | +34,9% |
| 224-бер. 4-бөл | Айдоочунун жасалма мамлекеттик каттоо номерлик белгиси менен транспорт каражатын айдоосу | 93 | 61 | -34,4% |
| 224-бер. 5-бөл | Айдоочунун Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик желеги белгиленген жерде көзөнөгү же башкача бузулушу бар мамлекеттик каттоо номерлик белгиси менен транспорт каражатын айдоосу | 4315 | 717 | -83,4% |
| 225-бер. | Айдоочулардын мамлекеттик техникалык кароодон өтпөгөн транспорт каражаттарын айдоосу | 1697 | 1335 | -21,3% |
| 227-бер. | Айдоочулардын жана жургунчулөрдун коопсуздук курларын же мототуулгаларды пайдалануу эрежелерин бузуусу | 57784 | 33609 | -41,8% |
| 228-бер. 1-бол. | Айдоочулардын тиешелуу уруксатсыз кайра жабдылган же белгиленген тартипте катталбаган ун чыгаргыч, жарык белгилери менен өз бетинче жабдылган транспорт каражаттарын айдоосу | 357 | 577 | +61,6% |
| 230-бер | Адамдарды ташуунун эрежелерин бузуу жана жургунчулөрду ташуучу транспорттун журушунө тыюу салынган автожолдорунда айдоочулардын жургунчулөрду автобус же микроавтобус менен ташуусу | 132 | 138 | +4,5% |
| 231-бер. | Транспорт каражаттарынын жол журуу эрежелерин бузушу же жол кыймылына тоскоолдук кылышы | 25498 | 22938 | -9,9% |
| 232-бер. | Транспорт каражаттарынын айдоочуларынын кыймылдын белгиленген ылдамдыгынан ашып кетиши | 19264 | 4105 | -78,7% |
| 233-бер. | Белгишамдын тыюу салуучу белгисине же жөнгө салуучунун | 16504 | 20405 | +23,6% |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | жаңсоосуна карабай өтуп кетуу | | | |
| 234-бер. | Транспорт каражатын токтотуу жөнундө ички иштер органынын кызматкеринин мыйзамдуу талаптарын транспорт каражатынын айдоочусунун аткарбоосу | 255 | 443 | +73,7% |
| 235-бер. | Транспорт каражатын айдоочусунун жол белгилерин, жолдун өтуучу бөлугундөгу чек белгинин талаптарын сактабагандыгы | 43333 | 50704 | +17,0% |
| 238-бер. | Айдоочулардын же башка адамдардын транспорт каражаттарын мас абалында айдоосу | 2796 | 5519 | 97,4% |
| 239-бер. | Транспорт каражатынын айдоочусунун суйлөшуу тузулушун же байланыш каражатын колдонуу эрежелерин бузуусу | 26260 | 48859 | +86,1% |
| 240-бер. | Транспорт каражаттарын айдоочулардын темир жол өткөөлдөрунөн өтуу эрежелерин бузуусу | 45 | 50 | +11,1% |
| 241-бер. | Транспорт каражатынын айдоочусунун аварИялык кырдаалды тузуугө алып келген Жол кыймылынын эрежелерин бузушу | 37 | 65 | +75,7% |
| 243-бер. | Айдоо укугуна ээ болбогон адамдын транспорт каражатын башкаруусу | 571 | 921 | +61,3 % |
| 244-бер. | Жол кыймылынын эрежелеринде каралган документтер жанында болбогон айдоочулардын транспорт каражаттарын айдоосу | 2625 | 3282 | +25,0% |
| | Айыптык токтотуучу жайга токтотулган авоунаалар | 11391 | 16153 | +41,8% |
| | Тузулгөн административдик протоколдордун саны | 218086 | 201544 | -7,6% |
| | Адм. протокол менен ЖККБда айып салынгандар | 2025587 | 187668 | -3,4% |
| | Жалпы суммасы | 44345300 | 47777100 | +7,7% |
| | Айдоочулардын билимин текшерууго жиберилген | 0 | 606 | +100% |
| | Сотко жиберилген материалдар | 5790 | 8003 | +38,2% |
| | Айдоочу куболукторунон | 934 | 2462 | +163,6% |

| | | | | |
|---|---|---|---|---|
| | ажыратылгандар | | | |
| | Сот аркылуу айып салынгандардын саны | 2690 | 3642 | +35,4% |
| | Жалпы суммасы | 3543000 | 5410000 | +52,7 % |
| | Салынган айыптардын жалпы суммасы | 48055460 | 53187100 | +10,7% |

Бишкек шаардык ички иштер башкармачылыгынын жол коопсуздугу кызматынын оздук курамынын кызматкерлери атайын маршруту боюнча кун сайын камсыз кылат. Ошондой эле жол коопсуздугун камсыз кылуу батальонунун кызматкерлери уч сменада жана атайын дайындалган жолдордо эки сменада 70тен кызматкер иш алып барышат. Атайын дайындалган маршртуттарда кунуно 6-8 жолу жол коопсуздугу кызматынын өздук курамынын кызматкерлери тарабынан то-скоолдуксуз отуусу камсыз кылынат. Ал эми өздук курамдын калган кызматкерлери тарабынан Ош базары жана башка соода-сатык комплекстеринин аймактарында, шаарыбыздын коркунучтуу авариялык участкаларында ошондой эле шаарда туурасынан кеткен багыттагы транспорт каражаттарынын кыймылына тоскоолдук тузгөн топтолуулар болгон жерлерде жөнгө салуу менен жол коопсуздугун камсыз кылынат.

2013-жылдын сентябрь айынан баштап жол коопсуздугу кызматынын 4 кызматкери Бишкек шаары боюнча салык кызматына кыймылдуу мулкко салыктын толонбогондугун аныктоо учун командировкага жиберилип, жыйынтыгында 829 факты аныкталып, аларга административдик протоколдор тузулуп, 97 автоунаа атайын айыптык токтоуучу жайга токтотулган.

Ошондой эле отчеттук убакта Бишкек шаарында откорулгон 238 коомдук-массалык иш чараларда, анын ичинде 20 митингдерде 80%ге чейин Бишкек шаардык ички иштер башкармачылыгынын жол коопсуздугу кызматынын жана коомдук тартипти коргоо болумунун кызматкерлери менен бирдикте иш алып барышкан. Мындан сырткары, кочодогу айдоочулардан «102» телефонуна көчөлөрдун кесилишинде кайыр сурап турушкандар тууралуу 24 билдируу келип тушкон [4].

2013-жылдын 12 айында шаардык жол коопсуздук кызматынын башкармачылыгынын жолду көзөмөлдөө бөлумунун инженерлери тарабынан жолдорду кармоодо 642 жетишкенсиздиктер аныкталган. Ал эми былтыркы жылы 623 жетишкенсиздиктер аныкталып, быйыл 2,9%ге көп болгон. Бул аныкталган жетишкенсиздиктер боюнча жол-коммуналдык ишканалардын жетекчилерине аныкталган жетишкенсиздиктерди жоюп СНиП-тин стандарттарына төп келтируу учун 338 талап берилген. Ошондой эле, ААКнун жетекчилерине, жеке ишкерлерге көчөнун жана автоунаа журуучу жолдун четиндеги талаптары бузгандыктары учун 78 административдик протоколдор тузулуп, 72000 сомдук айып салынган.

Жер иштеринин ондурушу боюнча 2013-жылы 162 ордер катталган. Анын 60ы авариялык-калыптандыруу иштери боюнча. Айрыкча белгилей кетчу нерсе, ар кандай фирмалардын жетекчилери тарабынан озулорунун

айдоочуларына козомол кылбагандыгы. Мисалга алсак, шаар ичиндеги маршруттардагы айдоочуларга жол кыймылы-нын эрежелерин бузгандыгы учун эч кандай чара корбогондугу. Белгилейкетчу нерсе, шаардагы маршруттардын айдоочулары белгиленген аялда-ма аянтчаларында токтобой светофорлордо, көчөлөрдун кесилиштеринде токтогондугу жана автоунаа журуучу жолдун ортосуна токтоп, транспорт каражаттарынын кыймылына тоскоолдук тузгөн топтолууларды тузгөндугу жолдогу башка айдоочулардын кыжырлануусун жаратат.
Азыркы убакытка чейин Чуй областынын транспорт инспекциясы Бишкек шаардык кенешинин токтомунун талаптарын бузуу менен Чуй областынын айылдарына журуучу маршруттарды шаардын борбордук көчөлөру менен жургузуудө. Жургунчулорду ташуучу автоунаалардын техникалык абалы өтө начар. 2012-жылы жургунчулөрду ташуучу автоунаалардын техникалык абалын кароо боюнча жургузулгөн анализ боюнча алардын катталганынын 80% ти 10 жылдын ашкан автоунаалар. Алардын кыймылдаткычтарынан болунуп чыккан газдар белгиленген нормадан ашык болуп, айлана чөйрөдөгу жаратылышты булгантууда.
Шаардагы жолдордогу транспорт каражаттарынын кыймылына тоскоолдук тузгөн топтолууларды азайтуу максатында Исанов, Т.Молдо, Логвиненко жана Панфилов көчөлөрун бир тараптуу кыймылдагы жол кылынды. Мындан сырткары Манас проспектиси менен Абдрахманов көчөлөру Токтогул жана Москва көчөлөрунун кесилиштеринен сол жака бурулууга тыюу салынган.

Бишкек шаарынын кочолорундогу жургон автоунаалардын кыймылын жонго салуу учун эвакуаторлорду сатып алуу, жургунчулорду ташуучу ишканалар тууралуу бирдиктуу Жобо иштеп чыгуу, Чуй областты боюнча транспорт инспекциясына жургунчулөрду ташуучу маршруттарды шаардын борбордук көчөлөру менен Бишкек шаардык мэриясы жана жол коопсуздук кызматынын башкармачылыгынын макулдашуусу жок иштеп чыгуусуна тыюу салуу, шаардын көчөлөрундө автоунааларды жөнгө салууда автоматташтырылган видеокөзөмөлу менен системаларды куруу жана шаарда аялдама аянтчаларынын санын көбөйтуу зарыл.

Жогорудагы көрсөтулгөн иш аракеттер кылынса, шаарыбызда транспорт каражаттарынын кыймылына тоскоолдук тузгөн топтолуулардын азайуусуна жана башка жол кырсыктарынын кы-скарышына өбөлгө тузөт.

Азыркы убакта шаарыбызда расмий каттоодон өткөн женил автоунаалар менен жургунчулөрду ташуучу 30дан ашуун ар кандай юридикалык жактар бар. Алардын автоунаалары 1500дон ашуун. Аны менен бирге эле шаарыбызда расмий катталбаган 5000 ашуун жарандар өзулөрунун жеке автоунаалары менен жургунчулөрду ташуу менен алектенишет. Кобунчо жашыруун жургунчулорду ташыган «Такси» автоунааларынын техникалык абалы начар абалда болуп, жургунчулөрдун ден-соолугуна жана өмурунө коркунуч алып келет. Ошондой эле «Такси» автоунааларынын айдоочулары медициналык-наркологиялык контролдон өтушпөйт.

2013-жылдын 22-апрелинен 25не чейин шаарыбызда «Такси» деп аталган рейд жургузулуп, жыйынтыгында 2633 жол кыймылынын эрежелерин бузган фактылар аныкталып, аларга административдик протоколдор тузулуп, 90 автоунаа атайын айыптык токтотуучу жайга токтотулган.

Ал эми, республикабыздын борбору болгон Бишкек шаарында 9362 жук ташуучу автоунаалар бар. Алардын 5392и жеке менчиктеги, ал эми 3970и юридикалык жактарга таандык.

Акыркы убакта шаардык жол коопсуздугун козомолдоо кызматына соода-сатык комплекстеринин тегерегиде жашагандардан жана айдоочулардан көптөгөн даттануулар келип тушуудо. Алардын көптугу соода-сатык комплекстеринин тегерегинде чон жук ташуучу автоунаалар жук издөө менен автоунааларын комплекстердин жанына токтотуп койушуп коптогон автоунаалрдын журушуно тоскоолдук кылышып топтолууларды пайда кылуусу боюнча келип тушкон.

Шаарыбыздын инфраструктурасын өнуктуруу менен куну-туну чон жук ташуучу автоунааларды колдонуу менен көп кабаттуу уйлөр курулууда. Бул автоунааларды айдоочулары көп убакта жол кыймылынын эрежелерин сактабастан жолдогу башка айдоочулар менен конфликтерди болтурууда. Ошондой эле көп жук салып алып ташыгандыктан шаардын ичиндеги жолдор бузулууда.

Шаарыбыздын борбордук көчөлөрундө жол кыймылын жакшыртуу максатында жана топтолууларды азайтуу максатында транзит жук ташуучу автоунааларды Бишкек шаарынын Садыгалиева, Л.Толстой, Баха, Ахунбаев, Алма-Ата, Лермонтов, Жибек-Жолу, Фучик, Ден-Сяопин жана Чуй проспектиси менен журушунө тыюу салууну, көп кабаттуу уйлорду курган фирмалардын жетекчилери менен курулуш материалдарын курулуп жаткан объектиге кечки саат 21:00дон танкы саат 05:00го чейин жеткируусу тууралуу тушундурмө иштерин жургузуу зарыл.

## КОЛДОНУЛГАН АДАБИЯТТАР ЖАНА ЧЕНЕМДИК УКУКТУК АКТЫЛАРДЫН ТИЗМЕСИ:

Айгерим Мамбетова. В Кыргызстане 70% водителей нарушают ПДД. http://news.mail.ru/ inworld/kyrgyzstan/society/17001299/?frommail=1

1. Бишкек шаарынын ички иштер башкармалыгынын жол коопсуздугу кызматтын 2013-жылдагы иш-чаралардын маалымкаты

2. 1998-жылдын 4-августу № 114 Кыргыз Республикасынын административдик жоопкерчилик женунде кодекстин кыймыл коопсуздугунун жана транспорт каражаттары эксплуатациялоонун эрежелерине шек келтирген административдик укук бузуулар .

3. Мындан сырткары, жол коопсуздугу кызматыны башкармачылыгынын кызматкерлери тарабынан башка кызматтын кызматкерлери менен бирдикте ар кандай кылмыштарды ачууда да иш аракеттер жургузулуп, жыйынтыгында 2013-жылы жалпысынан 88 кылмыш ачылган. Анын ичинде оздук курамдын кызматкерлери тарабы-нан 30 кылмыш ачылган. Мисалы,

автоунааларды айдай качу боюнча - 8, уурулук -1, саламаттыка атайылап залал келтирүү -10, зордуктоого аракет кылуу - 1, каракчылык - 1, алдамчылык - 1 жана денеге залал келтирүү - 1, ок атуучу курал менен кармалгандын саны - 1.